**УДК: 373.2**

***Асанбек уулу Ш., Асанкулова М. К.***
*Асанбек уулу Шерзат – магистрант, С. Нааматов атындагы НМУ*
*Асанкулова Мазира – улук окутуучу, С. Нааматов атындагы НМУ*

# БАЛДАРДЫН СӨЗ БАЙЛЫГЫН ӨСТҮРҮҮДӨ ҮЙ-БҮЛӨДӨГҮ БААРЛАШУУНУН ТААСИРИ

# ВЛИЯНИЕ ОБЩЕНИЯ В СЕМЬЕ НА РАЗВИТИЕ СЛОВАРНОГО ЗАПАСА ДЕТЕЙ

# THE INFLUENCE OF COMMUNICATION IN THE FAMILY ON THE DEVELOPMENT OF CHILDREN'S VOCABULARY

***Аннотация:*** *Макалада балдардын сөз байлыгын өстүрүүдө үй-бүлөдөгү баарлашуунун таасири, башталгыч класстарда адабий окуу сабагында “Окуу керемет” долбоорунун пайдалуу ыкмалары тууралуу сөз болду. Ошондой эле 4-класстын окуучуларынын сөз байлыгын баалоо салыштырылды. Тил менен ой жүгүртүүнүн биримдиги, кептик, сөз байлыгын өнүктүрүүчү ыкмаларды: «виммельбухту» колдонуу, тематикалык постерлерди, энциклопедияларды, фразеологизм сөздөрдү, макалдарды маанисин чечмелөөнү колдонуу сунушталды. Кунт коюп, түшүнүп окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган методдор, сөз жана сөздүн маанисин, сөздөрдүн сининимин, антонимин колдонуу менен кеп маданиятын өнүктүрүүгө болоору белгиленди. Негизинен изилдөөлөргө ылайык, окуучулардын сөз байлыгы жана кеп маданиятынын өнүгүүсүнө ата-энелердин, жолдошторунун баарлашуусу негиз болсо, экинчи шарт бул башталгыч классынын мугалими окуучуларга сабакты уюштурууда эффективдүү ыкмаларды колдонуу менен окуучуларга мотивация берүү болуп эсептелет.*

***Аннотация:*** *В статье рассматривалось о влиянии общения в семье на развитие словарного запаса детей, о полезных приемах проекта “Окуу керемет” на уроке литературного чтения в начальной школе. Также сравнивалась оценка словарного запаса учащихся 4-х классов. Предлагалось сочетание языка и мышления, использование речевых, словесно-развивающих приемов: «виммельбух», использование тематических плакатов, энциклопедий, фразеологических выражений, толкование пословиц. Отмечено, что с помощью методов, направленных на развитие навыков внимательного и понимающего чтения, можно развивать культуру речи с использованием слов и значений слов, синонимов, антонимов. В основном, согласно исследованиям, основой развития словарного запаса и речевой культуры учащихся является общение родителей, товарищей, вторым условием является то, что учитель начальных классов должен мотивировать учащихся, используя эффективные методы организации урока.*

***Annotation:*** *The article dealt with the influence of communication in the family on the development of children's vocabulary, about the useful techniques of the Okuu Keremet project at a literary reading lesson in elementary school. The assessment of the vocabulary of 4th grade students was also compared. A combination of language and thinking, the use of speech, verbal and developmental techniques was proposed: "wimmelbuch", the use of thematic posters, encyclopedias, phraseological expressions, the interpretation of proverbs. It is noted that with the help of methods aimed at developing the skills of attentive and understanding reading, it is possible to develop a culture of speech using words and meanings of words, synonyms, antonyms. Basically, according to research, the basis for the development of vocabulary and speech culture of students is communication between parents and friends, the second condition is that the primary school teacher should motivate students using effective methods of lesson organization.*

***Негизги сөздөр:*** *адабий окуу, сөз байлыгы, сөз байлыгын өстүрүү, баарлашуу, сүйлөө кеби, сөз маданияты.*

***Ключевые слова:*** *литературное чтение, словарный запас, развитие словарного запаса, общение, речь, культура речи.*

***Keywords:*** *literary reading, vocabulary, vocabulary development, communication, speech, speech culture.*

Балдар сөз байлыгынын көпчүлүк бөлүгүн үй-бүлөдө, теңтуштары менен баарлашууда, жалпыга маалымдоо каражаттарынан, интернеттен алышат, күндөлүк жашоосун да үйрөнүшөт. Бир катар изилдөөлөр сөз байлыгын өстүрүү үчүн мектепке чейинки курактагы тажрыйба жана ата-энелер менен баарлашуунун сапаты абдан маанилүү экендигин ырастайт.

Мектепке чейинки жана башталгыч мектеп курагындагы балдар тилге жатыктуу болушат. Алар оңой жана ынтызарлык менен жаңы сөздөрдү үйрөнүшөт, ар кандай тилдик конструкцияларды өздөштүрүүсү көп кыйынчылыксыз өтөт. Бирок, тилге болгон шыктуулук, кептин толук өнүгүшү үчүн жагымдуу ички шарттардын айкалышы убактылуу көрүнүш. Тилдин формаларын тез өздөштүрүү мүмкүнчүлүгү жыл өткөн сайын азаят. Кабыл алуу, көңүл буруу, ой жүгүртүү формалары окшош өнүгөт – визуалдык-эффективдүү, визуалдык-сүрөттүү, сөздүк-логикалык.

Мектептеги окуу процесси жана аны жакшыртуунун натыйжалуу жолдору түздөн-түз окуучулардын мотивациясынан көз каранды, анткени мотивдер материалды үйрөнүү жана өздөштүрүү процессинин кыймылдаткыч күчтөрү болуп саналат. Билим алуу мотивациясы – бул инсандын билим алуунун өзүнчө предметине да, бүткүл билим берүү процессине да болгон мамилесин өзгөртүүнүн бир топ татаал жана бүдөмүк процесси. Ошол эле учурда окууга болгон мотивация инсандын өзгөчөлүктөрүнөн жана индивиддин социалдык ролдорунан көз каранды [3]. Демек, инсандын сөз байлыгынын кенендиги, сөз маданияты анын мотивациясына жараша өнүгөт. Башталгыч класстарда бул мугалимдердин окуучулар үчүн сабакты уюштуруу жана мотивациялоо менен байланышат.

Дана Саскинд көп жылдык изилдөө өткөрүү менен, «Балдар акылдуу болуп төрөлүшпөйт, алар ата-энесинин – аларды курчаган кебинин натыйжасында акылдуу болуп чоңоюшат» деген жыйынтыкка келген [4].

Сөз байлыгын өстүрүүдө үй-бүлөдө баарлашуу тажрыйбасы зор мааниге ээ болот. Айрым балдардын социалдык жана кептик байланышы чектелген, алар ата-энелер менен, жолдоштору менен аз баарлашышат. Азыркы учурда тили чыга элек балдар да телефон, телевизордо ар кандай маалыматтарды көрүү менен ата-энелер менен баарлашуу кескин азайып кетти. Жаштар азыр балдарга убакыт бөлүп, баарлашкандан көрө, телефон берип алаксытууга өтүшөт.

Үй-бүлөдө сүйлөшкөн тил мектепте окутуу тилинен айырмаланышы да сөз байлыгына көп таасир этет. Балдардын өмүрүнүн алгачкы жылдарындагы баарлашуунун жетишсиздиги баланын окуусунун келечектеги жолун аныктайт, анын келечектеги сөз маданиятына жана сөз байлыгына таасир этет. Балдар менен ата-энелер канчалык көп жана сапаттуу баарлашса, бала келечекте ошончолук ийгиликтүү болот.

Сөз байлыгынын дээрлик бөлүгү мектепке чейинки жана башталгыч мектеп курагында калыптанат. «Курагына жараша баланын болжолдуу сөз байлыгы» диаграммасында көрсөтүлгөндөй, үч жашка чейинки куракта бала жаңы сөздөрдү жайыраак өздөштүрөт, жалпысынан 1 000 сөзгө жетет. Биринчи класска барган учурда баланын сөз байлыгы болжол менен 3 500 сөздү түзөт. Башталгыч мектепте окутуу процессинде сөз байлыгы 5 000ден (активдүү сөздөр) 10 000ге (пассивдүү сөздөр) чейинки сөздү түзөт [5].

| Баланын курагы | Сөздөрдүн саны |
|---|---|
| 1 жаш | 5–9 сөз |
| 1,5 жаш | 20–40 сөз |
| 2 жаш | 50–200 сөз |
| 3 жаш | 800–1 000 сөз |
| 3,5 жаш | 1 100 сөз |
| 4 жаш | 1 600–1 900 сөз |
| 5 жаш | 1 900–2 200 сөз |
| 6–7 жаш | 3 500 сөз |
| 7–10 жаш | 5 000ден 10 000 сөзгө чейин |

**1-сүрөт. Курагына жараша баланын болжолдуу сөз байлыгы.**

Г. Дж. Уйатхерст жана анын кесиптештери баланын кебинин өсүүсү үчүн курчап турган чөйрөнүн маанилүүлүгүн далилдөө боюнча изилдөө жүргүзгөн. Анда ата-энеси диалогдук окууну колдонуу менен, сүрөттүү китептерди окуп берген балдардын сөз байлыгы көзөмөл топтогу балдарга караганда олуттуу түрдө өскөнүн көрсөткөн [4].

Бул изилдөөдө балдарына китеп окуп берүү усулдарын өздөштүргөн ата-энелер төрт жума бою күн сайын үн чыгарып окуп беришкен, ошондой эле окуу процессинде талкуулоо да колдонулган. Андан ары сөз байлыгынын көлөмүнө карата тест алынгандан кийин атайын топтордогу балдардын сөз байлыгынын өсүүсү көзөмөл топторундагы балдардан сегиз жарым айга алдыга кеткени аныкталган [2]. Мындан сырткары, бул алдыга кетүүнү алар кийинки жылдарда да сактап калышкан

Чоң кишилер балдар менен баарлашууда жаңы сөздөрдү тиешелүү деңгээлде колдонбой тургандыгы, ошол эле учурда китепте – жакшы жазылган текстте, эреже катары, көптөгөн ар түрдүү жаңы

сөздөр болору менен тастыкталат. Ошентип, окуучунун лексиконунда жаңы сөздөрдүн пайда болушуна, көпчүлүк учурда, китеп окуу олуттуу таасирин тийгизет. Сөздү пассивдүүдөн активдүү запаска өткөрүүгө жаңы сөздөрдү колдонуу менен оозеки кайра айтып берүү жардам берет. Китепти көп окуу менен, окуучулардын сабаттуулугу артат, анткени сөздөрдүн туура жазылышын жана сүйлөмдө колдонулушун окуп жатып эстеп калат. Сүйлөшүүдө орунсуз колдонулуп жүргөн сөздөр («анан», «бул», «ошол», «эми» ж. б.) жоголот, ошентип, окуучунун кеби өсөт. Окуу өз оюн топтоого, тактоого жана башкалардын айтканынын маанисин түшүнүүгө үйрөтөт.

Л.Толстойдун айткан сөзү бар: “Бала үйрөнүп жаткан сөзүн кеминде үч жолу кебинде колдонууга жетишсе, анда ал сөз анын менчигине айланат”. Демек, ар бир үйрөнүлүп жаткан сөз, сөз айкашы, сөз берметтери баланын оозеки жана жазуу кебинде үч жолудан кем эмес (андан көп ирет колдонулса, дагы жакшы) колдонулууга тийиш экен. Жаңы үйрөнүп жаткан сөздү бала, биринчиден, туура айтууга, экинчиден, ал сөздүн маанисин түшүнүүгө, үчүнчүдөн, жаңы сөздүн маанисин контексттин ичинде түшүнүүгө, төртүнчүдөн, жаңы сөздү катыштырып сөз айкаштарын, сүйлөмдөрдү түзө алууга, бешинчиден, ага маанилеш сөздөрдү, же тескерисинче, мааниси карама-каршы келген сөздөрдү таба алууга ж.б. жетишсе – бул да баланын сөз байлыгын өстүрүүгө, кеп маданиятын калыптандыруу негизги өбөлгө болорун белгилөөгө болот [1].

Окуучулардын сөз байлыгын активдүү кеңейтүү көп окуп, текст аркылуу жаңы сөздөрдү билүүгө туура келген предметтерде гана эмес, башка предметтерде да ишке ашат. Мисалы, математика (мисалдардын шарттарын, тапшырмаларды окуу) же Мекен таануу (жыл мезгилдерин окуп үйрөнүү, жаныбарларды, өсүмдүктөрдү, жаратылышты сыпаттоо боюнча окуу китептеги тексттер). Музыка сабагында окуучулар ыр, марш, фольклор, гимн, хор, симфония эмне экенин, түрдүү музыкалык аспаптардын аттарын, ноталык сабаттуулукту жана башка музыка менен байланышкан сөздөрдү үйрөнүшөт. Ошондуктан бардык окуу предметтеринде мугалимдин окуучулардын сөз байлыгын кеңейтүү боюнча ишти туура уюштурууга көңүл буруусу абдан маанилүү.

Мисалы:


- ✓ жаңы сөздөрдү жеткиликтүү, жөнөкөй жана түшүнүктүү аныктоодон баштап, балдар негизги маанисин түшүнгөндөн кийин ал сөздөрдү колдонуу мүмкүнчүлүгүн берүү;
- ✓ Сүрөттөрдөн турган китеп «виммельбухту» колдонуу;
- ✓ Тематикалык постерлерди пайдалануу;
- ✓ Темага жараша энциклопедияларды пайдаланууну үйрөтүү;
- ✓ Таалим-тарбиялык маанидеги көп накыл кептер, макалдарды маанисин чечмелөө;
- ✓ Фразеологизм сөздөрдү пайдалануу;
- ✓ Сөздөрдүн маанисин табуу ж.б. ыкмаларды колдонуу менен окуучулардын сөз байлыгын өнүктүрүүгө болот.

Мугалимдерди сурамжылоо менен “Окуу керемет” долбоорунун стратегияларын активдүү пайдаланып, кызыгуу менен сабактарды өткөрүп жаткандыгын белгилесек болот. Ошондой эле кеп маданиятын, сөз байлыгын өстүрүү үчүн пайдалуу экендигин белгилешкен. Көпчүлүк мугалимдер “Окуу керемет” долбоорунун пайдалуу болгондугун, аны сабактарда колдонуунун позитивдүү жактарын көп белгилешкен. Демек, азыркы учурда сабактарды өтүүдө окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө, деңгээлине жараша, пайдалуу стратегияларды колдонуп жаткандыгын белгилесек болот.

“Окуу керемет” долбоорундагы ыкмаларын колдонуп жаткан жана ал долбоорго катышпаган мектептин окуучуларынын сөз байлыгынын денгээлдери салыштырылды.

4-класстын окуучуларынын сөз байлыгын баалоонун жыйынтыгында, 15-12 сөздү толук билген 18% болсо, ал эми эксперименттик класста 25%, 9-10 сөздү толук билген 9% болсо, ал эми эксперименттик класста 30%, 7-8 сөздү толук билген 46% болсо, ал эми эксперименттик класста 30%, 6дан аз сөздү билген 27% болсо, ал эми эксперименттик класста 15% болду. 4 жана 5 ке тапшыргандар текшерүүчү топто 27%, эксперименттик топ 55% болгон.

Окуучулардын сөз байлыгынын өнүгүшүн жогорудагы сөз байлыгын баалоо диаграммасынан көрсөк болот. Жыйынтыгында башталгыч класстардын окуучуларынын сөз байлыгынын учурдагы абалын талдоодо башталгыч класстын окуучуларынын окурмандык тажрыйбасынын аз болушу, ата-энелердин балдарына болгон мамилесинин кош көңүл болушу, окуу процессинин ийгиликтүү болушуна тескери таасир берерин аныктадык.




**2-сүрөт. 4-класстын окуучуларынын сөз байлыгын баалоонун мониторинги.**

Ата-энелер үчүн эстеткич сунуштайбыз:

1. Балаңызга китеп окуп бериңиз. Күнүнө 30 мүнөт.
2. Китеп окугандан кийин аны суроо-жооп менен талкуулаңыз; (Автор бул окуя менен эмнени берейин деген?- Автордун ордунда болсоң, эмнени өзгөртмөк элең, - деген суроо менен баарлашуу) 15мин.
3. Күнүнө балаңыз менен баарлашыңыз. (Үй-бүлөдө баарлашуу тажрыйбасы, эмне көйгөй, эмне жаңылык, эмне өзгөртүү керек?) 10мин
4. Теңтуштары менен баарлашуу. (Балаңыздын досун билесизби? Ал сиздин үйгө келеби? Ал эмнеге кызыгат? Сиздин балаңыз менен досунун кызыгуусу кандай?) Жумасына 15 мин.
5. Жумасына бир кыргызча кино чогуу көрүү. (Кино же телекөрсөтүү. Жаңы сөздөрдү талкуулоо, дептерге түшүрүү)
6. Интернет жана социалдык тармактардагы жаңылык. (Интернетте көргөн маалымат менен бөлүшүүгө, баарлашууга балдарды калыптандыруу, журналдар жана газеталарды окууда жаңы сөздөрдү талкуулоо)
7. Турмуш-тиричилик жана маданий мекемелер: театр, парк, музей, көргөзмө, дүкөн, базарга чогуу баруу. (Экскурсиядан же театрдан келгенден кийин балаңыз менен баарлашыңыз. Кийинки жүрүштү пландаңыз)

**Адабияттар:**

1. Абдухамидова Б.А. Кыргызской Академия Образования Адабий окуу сабагында башталгыч класстардын окуучуларынын сөз байлыгын өстүрүүнүн айрым жолдору, 170-173б

2. Буг Дж. Рождённый читать. Как подружить ребёнка с книгой. – М.: Альпина нон-фикшн, 2015. – 302-б.

3. Рыспаева Ч. К. Учебная мотивация студентов как психолого- педагогическая проблема// Наука и инновационные технологии. №2/2020 (15)- Бишкек,2020,-С.165-173

4. Саскинд Д. Тридцать миллионов слов. Развиваем мозг малыша, просто беседуя с ним. – М.: Манн, Иванов и Фарбер, 2016.

5. Сөз байлыгы, Кыргыз республикасынын билим берүү жана илим министрлиги, Юсаид,Келгиле, окуйбуз долбоору, 3-китеп.2019.87-б.